БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигинин
2024-жылдын 01-мартындагы
№ 324/1 буйругу менен

# Мамлекеттик заказды түзүүнүн жана илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларын жана долбоорлорун аткарууга конкурс өткөрүүнүн тартиби жана механизмдери жөнүндө жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Мамлекеттик заказды түзүүнүн жана илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларын жана долбоорлорун аткарууга конкурс өткөрүүнүн тартиби жана механизмдери жөнүндө жобо (мындан ары – жобо) Кыргыз Республикасынын “Илим жөнүндө” Мыйзамынын ченемдерине ылайык иштелип чыккан жана төмөнкүлөрдү аныктайт:

1) улуттук жана мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программаларды жана долбоорлорду конкурстук тандоонун тартибин жана механизмдерин;

2) мамлекеттик илимий жана илимий-техникалык программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн мамлекеттик заказды түзүүнүн жана конкурс өткөрүүнүн тартибин жана механизмдерин;

3) илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан жогорку окуу жайлардын, ошондой эле чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлорунун конкурсун өткөрүүнүн тартиби.

2. Илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларын жана долбоорлорун конкурстук тандоо илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) тарабынан жүргүзүлөт.

3. Улуттук жана мамлекеттик илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалар жана долбоорлор программалык-максаттуу каржылоонун алкагында ишке ашырылат.

4. Илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан жогорку окуу жайлардын, ошондой эле чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлору ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын Илим фондунун эсебинен (мындан ары – Илим фонду) гранттык каржылоонун алкагында ишке ашырылат.

5. Бул Жободо Кыргыз Республикасынын “Илим жөнүндө” Мыйзамынан алынган төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

**грант -** аларды пайдалангандыгы жөнүндө кийин отчет берүү менен илимий изилдөөлөрдү, илимий-техникалык программаларды, долбоорлорду жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди жүргүзүүгө юридикалык жана жеке жактарга акчалай же накталай формадагы кайтарымсыз субсидия;

**илимий-техникалык программалар боюнча иштердин башкы уюмдары (аткаруучулары) -** белгиленген тартипте каржылоону ачуу үчүн программалар жана долбоорлор боюнча иштерди аткарып жаткан илимий жана илимий-техникалык мекемелер, жогорку окуу жайлары, ошондой эле программалар жана долбоорлор боюнча иштерди жүзөгө ашыруучу убактылуу чыгармачыл илимий жааматтар;

**илимий, илимий-техникалык долбоор жана программа** - пландалган иштерди жүргүзүүнүн максаттарын жана милдеттерин, актуалдуулугун, жаңычылдыгын, илимий-практикалык маанилүүлүгүн жана максатка ылайыктуулугун негиздөө менен илимий, илимий-техникалык, тажрыйбалык-конструктордук изилдөөлөрдү көрсөтүүчү, болжолдонгон илимий жана илимий-техникалык иштин мазмунун камтыган документ;

**илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын илимий-техникалык кеңеши** (мындан ары – ИТК) – мамлекеттик илимий-техникалык жана инновациялык саясатты жүзөгө ашыруу чөйрөсүндө кабыл алынуучу чечимдердин объективдүүлүгүн координациялоо, ишке ашыруу жана камсыз кылуу, ошондой эле мамлекеттик тапшырык боюнча илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди аткаруунун натыйжалуулугун камсыз кылуу жана финансылык каражаттарды бөлүштүрүү боюнча чечимдерди кабыл алуу маселелери боюнча сунуштарды жана рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тарабынан түзүлүүчү эксперттик, коллегиалдуу, кеңеш берүүчү орган;

**тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - тармактык мамлекеттик орган) -** мамлекеттик тапшырыкты түзүү үчүн илимий, илимий-техникалык долбоорлордун жана фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн программаларынын темаларын аныктоочу Кыргыз Республикасынын тармактык министрликтери, административдик ведомстволору жана аткаруу бийлигинин башка органдары, инновациялык жайылтуу ишин, илимий жана илимий-техникалык натыйжаларды коммерциялаштырууну жүзөгө ашырат;

**эксперттик кеңеш** - илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге конкурска өтүнмөлөрдү эксперттик баалоо жана аткарылган илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер боюнча отчетторду кабыл алуу боюнча жогорку коллегиалдуу орган.

## 2-глава. Илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларын жана долбоорлорун конкурстук тандап алуунун тартиби жана механизмдери

6. Илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларын жана долбоорлорун конкурстук тандап алуу (мындан ары – конкурстук тандоо) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан илимий жана илимий-техникалык кызматкерлерин, адистерин, илимий жана илимий-техникалык уюмдардын өкүлдөрүн, ошондой эле мамлекеттик жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүн, ошондой эле чет өлкөлүк уюмдардын өкүлдөрүн (эксперттик кеңеш) тартуу менен жүргүзүлөт.

7. Конкурстук тандоо илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары шайкештиктигин жана Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү кызыкчылыктарынан келип чыккан маанилүү социалдык-экономикалык проблемаларды чечүүгө багытталганын эске алуу менен жүргүзүлөт.

8. Конкурстук тандоо төмөндөгү этаптарды камтыйт:

1) республикалык бюджеттен каржылоо үчүн илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларды жана долбоорлорду тандоо боюнча конкурстун башталышы жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жарыялоо жана тармактык органдарга/заказчыларга, илимий жана илимий-техникалык уюмдарга, менчигинин түрүнө карабастан жогорку окуу жайларына каттарды жиберүү;

2) тармактык органдардан/заказчылардан, илимий жана илимий-техникалык уюмдардан, жогорку окуу жайлардан илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалардын жана долбоорлордун темаларын кабыл алуу (30 (отуз) календардык күндөн кем эмес);

3) илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалардын жана долбоорлордун темаларын ИТК тарабынан тандоо (15 (он беш) календардык күндөн кем эмес);

4) илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалардын жана долбоорлордун темаларын аткарууга өтүнмөлөрдү кабыл алуу жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жарыялоо;

5) илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларды жана долбоорлорду аткарууга өтүнмөлөрдү кабыл алуу (30 (отуз) календардык күндөн кем эмес);

6) эксперттик кеңеш тарабынан өтүнмөлөргө көз карандысыз илимий жана илимий-техникалык экспертиза өткөрүү (15 (он беш) календардык күндөн кем эмес);

7) ИТК тарабынан илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларды жана долбоорлорду аткарууга өтүнмөлөрдү тандап алуу (15 (он беш) календардык күндөн кем эмес).

9. *Улуттук* илимий, илимий-техникалык программаларды жана долбоорлорду (1), *мамлекеттик* илимий, илимий-техникалык программаларды жана долбоорлорду (2), илимий жана илимий-техникалык

уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын *илимий жана инновациялык долбоорлорун* (3) конкурстук тандоо өзүнчө жүргүзүлөт.

10. Конкурстук тандоонун жыйынтыктары боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырат:

1). Улуттук илимий, илимий-техникалык программаларды жана долбоорлорду түзүү үчүн тандалып алынган өтүнмөлөрдү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жөнөтөт;

Каржылоонун көлөмүн көрсөтүү менен улуттук илимий, илимий-техникалык программалардын жана долбоорлордун түзүлгөн тизмеси көрсөтүлгөн финансылык каражаттарды бөлүп берүү максатында финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кароо үчүн жиберилет.

2). Республикалык бюджеттен каржыланууга тийиш болгон мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программалардын жана долбоорлордун темаларынын тизмесин түзөт жана кезектеги жылга илимий жана илимий-техникалык ишти каржылоо үчүн зарыл болгон каражаттарга жыйынтыкталган табыштамага киргизет.

3) Республикалык бюджеттен каржыланууга тийиш болгон илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлорунун тизмесин түзөт жана кезектеги жылга илимий жана илимий-техникалык ишти каржылоо үчүн зарыл болгон каражаттарга жыйынтыкталган табыштамага киргизет.

## 3-глава. Конкурстук тандоо өткөрүүнүн тартиби

11. Конкустук тандоо 3 (үч) негизги багыт боюнча өткөрүлөт:

1) улуттук илимий, илимий-техникалык программаларын жана долбоорлорун конкустук тандоо;

2) мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программаларын жана долбоорлорун конкустук тандоо;

3) илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлорун конкустук тандоо.

12. Улуттук жана мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программалардын жана долбоорлордун конкурстук тандоо илимдин медициналык, айыл чарба, социалдык-гуманитардык, табигый-илимий, техникалык багыттары боюнча өткөрүлөт.

13. Грант алуу үчүн илимий жана инновациялык долбоорлордун конкустук тандоо илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан жогорку окуу жайлардын, ошондой эле чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардан келип түшкөн өтүнмөлөрдүн негизинде жүргүзүлөт.

Илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, ошондой эле чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын өтүнмөлөрү илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына шайкеш келүүсү зарыл.

14. Улуттук жана/же мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программаларын жана долбоорлорун конкустук тандоо жана грант алуу үчүн илимий жана инновациялык долбоорлорун конкустук тандоо жол-жоболору окшош жана тиешелүү критерийлерге ылайык ар бир багыт боюнча өзүнчө өткөрүлөт.

15. Конкурстук тандоо үч этапта өткөрүлөт:

Биринчи этап – тармактык органдардан/заказчылардан, илимий жана илимий-техникалык уюмдардан, жогорку окуу жайлардан, чыгармачыл илимий жамааттардан жана айрым окумуштуулардан илимий-изилдөө иштеринин темасын кабыл алуу жана тандоо.

Экинчи этап – илимий-изилдөө иштерин аткарууга келген өтүнмөлөрдү кабыл алуу жана тандоо.

Үчүнчү этап – республикалык бюджеттен жана/же Илим фондунан каржылануучу илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалардын жана долбоорлордун тизмесин түзүү.

16. Биринчи этап төмөнкү жол-жоболорду камтыйт:

1). Сынак жарыялангандан тартып тармактык органдардан/заказчылардан, илимий жана илимий-техникалык уюмдардан, жогорку окуу жайлардан, чыгармачыл илимий жамааттардан жана айрым окумуштуулардан бир айлык мөөнөттө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу илимий-изилдөө иштердин темаларын коштомо кат менен берүү.

Сунушталган илимий-изилдөө иштердин темалары алдын ала тармактык органдардын/заказчылардын, илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын илимий-техникалык (окумуштуулар, коллегиялдык) кеңешинде талкуулануусу тийиш.

Коштомо кат сөзсүз түрдө төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

- сунушталган темалар боюнча илимий изилдөөлөрдүн максаттарын жана милдеттерин, актуалдуулугун, жаңылыгын, илимий-практикалык маанисин негиздөө жана жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугу;

- сунушталган илимий изилдөөлөрдүн темалары кайсы улуттук жана/же мамлекеттик программаны (стратегиялык документти) ишке ашырууга багытталган;

- сунушталган темалар боюнча илимий изилдөөлөр кайсы конкреттүү социалдык-экономикалык көйгөйдү чечүүгө багытталган;

- сунушталган темалар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн конкреттүү мөөнөтү;

- илимий изилдөөлөрдүн акыркы күтүлүүчү натыйжасы.

Коштомо катка тармактык органдардын/заказчылардын, илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын илимий-техникалык (окумуштуулар, коллегиялдык) кеңешинин илимий изилдөөнүн темасын жактыруу боюнча протоколунун көчүрмөсү тиркелиши зарыл.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар жана протоколдун көчүрмөсү жок болгон учурда кароодон баш тартылат.

2). Тармактык органдардан/заказчылардан, илимий жана илимий-техникалык уюмдардан, жогорку окуу жайлардан, чыгармачыл илимий жамааттардан жана айрым окумуштуулардан келип түшкөн темалар ИТКнын жыйынында төмөндөгү маселелер боюнча каралат:

- актуалдуулугу (мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын максаттарына, милдеттерине жана артыкчылыктарына шайкештиги);
- кайталануунун жана параллелдүүлүктүн жоктугу;
- улуттук жана/же мамлекеттик программаларга (стратегиялык документтерге) ылайык келүүсү;
- сунушталган темалардын илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына шайкештиги.

3) ИТК дан тандалып алынган илимий изилдөөлөрдүн темаларынын тизмеги ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилет жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына бекитилген илимий изилдөөлөрдүн темаларын аткарууга конкурстук тандоонун башталышы жөнүндө кулактандыруу берилет.

17. Конкурстук тандоонун экинчи этабы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын электрондук порталы аркылуу онлайн (электрондук) түрдө жүргүзүлөт жана төмөнкү жол-жоболорду камтыйт:

1). Конкурстук тандоо жүргүзүлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын электрондук порталына (www:nir.edu.gov.kg) бекитилген илимий изилдөө темаларынын тизмеси жайгаштырылат.

Ошондой эле порталга өтүнмөлөрдү даярдоо боюнча конкурстук документтер – өтүнмөлөрдү тариздөө регламенти жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген өтүнмөнүн формасы жүктөлөт (1-тиркеме).

2) Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын электрондук порталы аркылуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын белгиленген талаптарына ылайык бекитилген темалар боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө (аткарууга) өтүнмөлөрдү бир айдын ичинде кабыл алуу жүргүзүлөт.

3) Арыздарды кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин Эксперттик кеңеш тарабынан конкурстук документтер жүктөлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын электрондук порталы аркылуу онлайн режиминде илимий-изилдөө иштерин аткарууга берилген өтүнмөлөргө көз карандысыз илимий жана илимий-техникалык экспертиза жүргүзүлөт.

Баалоонун жыйынтыгы боюнча алынган баллдын суммасын (кемүү боюнча), илимий жетекчини, аткаруу мөөнөтүн жана каржылоо суммасын көрсөтүү менен илимий-изилдөө иштеринин темаларынын ранжирленген тизмеси автоматтык түрдө түзүлөт.

4). Илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларды жана долбоорлорду илимий жана илимий-техникалык экспертизалоонун жыйынтыгында эксперттик кеңештин төмөндөгү жыйынтыктарды жана сунуштарды камтыган корутундусу даярдалат:

- айрым илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук иштерди ишке ашыруунун же аны улуттук же мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программанын жана долбоордун курамына киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу, ошондой эле илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына шайкештиктигин жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгилеген талаптарга ылайык келүүсү жөнүндө;

- илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлорун ишке ашырууга грант бөлүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө, ошондой эле илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына шайкештиктигин жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгилеген талаптарга ылайык келүүсү жөнүндө.

5). Эксперттик кеңештин төрагасы кол койгон тиешелүү багыт боюнча эксперттик кеңештин корутундусу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберилет.

18. Үчүнчү этап – республикалык бюджеттин эсебинен каржылоо үчүн сунушталган илимий-изилдөө иштерин аныктоо этабы төмөнкүлөрдү камтыйт:

1). ИТК өзүнүн отурумунда төмөнкүлөрдү карайт:

- тийиштүү багыт боюнча эксперттик кеңештин корутундусу;

- илимий-изилдөө иштеринин темаларынын ранжирленген тизмеси.

2). Кароонун жыйынтыгында ИТК төмөндөгү чечимдерди кабыл алат:

а). Илимий-изилдөө иштерин *улуттук* илимий, илимий-техникалык программанын жана долбоордун курамына киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө эксперттик кеңештин корутундусу каралган учурда төмөндөгү чечим чыгарылат:

- улуттук илимий, илимий-техникалык программалардын жана долбоорлордун курамына киргизүүгө сунушталган илимий-изилдөө темаларын аныктоо боюнча.

Илимий-изилдөө иштеринин темаларынын тизмеси ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан республикалык бюджеттен каржылanууга тийиш болгон долбоорлорду жана программаларды түзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жиберилет.

Каржылоонун көлөмүн көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан түзүлүүчү улуттук илимий, илимий-техникалык программалардын жана долбоорлордун тизмеси аталган финансылык ресурстарды каржылоонун көлөмүн көрсөтүү менен финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кароосуна жиберилет.

б). Илимий-изилдөө иштерин *мамлекеттик* илимий, илимий-техникалык программанын жана долбоордун курамына киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө эксперттик кеңештин корутундусу каралган учурда төмөндөгү чечим чыгарылат:

- республикалык бюджеттен каржылануучу тийиш болгон мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программага жана долбоорго киргизилүүчү илимий-изилдөө иштеринин темаларынын тизмесин бекитүү жана кезектеги жылга илимий жана илимий-техникалык ишти каржылоо үчүн зарыл болгон каражаттарга бириктирилген табыштамага каржылоо суммасын киргизүү жөнүндө.

Республикалык бюджеттен каржылануучу тийиш болгон мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программага жана долбоорго киргизилүүчү илимий-изилдөө иштеринин темаларынын тизмеси ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын буйругу менен бекитилет.

в). Илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлорун ишке ашырууга грант бөлүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө эксперттик кеңештин корутундусу каралган учурда төмөндөгү чечим чыгарылат:

-илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлорун ишке ашырууга грант бөлүү жөнүндө.

## 4-глава. Конкурстук тандоонун критерийлери

19. Илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларды жана долбоорлорду көз карандысыз илимий жана илимий-техникалык экспертиза өткөрүү үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан илим чөйрөлөр (медициналык, айыл-чарбалык, социалдык-гуманитардык, табигый-илимий, техникалык) боюнча 5-7 адамдан турган эксперттик кеңештер түзүлөт.

20. Ар бир илимий-изилдөө иш илимий изилдөө жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугуна жана республикалык бюджеттен (Илим фондунан) илимий долбоорлорду каржылоо мүмкүнчүлүгүнө эксперттик кеңештин төрагасы жана илимдин тиешелүү чөйрөсүндөгү эксперттердин бири тарабынан баа берилет.

21. Илимий-изилдөө ишери илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугун аныктоо мүмкүндүк берүүчү төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

1) илимий изилдөөлөрдүн мазмунунун жарыяланган темага жана социалдык-экономикалык проблемалардын багыттарына шайкештиги;

2) максаттардын жана милдеттердин илимий изилдөөнүн темасына шайкештиги, иштин фундаменталдык, прикладдык илимдин жана техниканын өнүгүшүнүн азыркы деңгээлине дал келиши;

3) пландаштырылган илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугунун жана эффективтүүлүгүнүн деңгээли;

4) пландаштырылып жаткан илимий изилдөөнүн жаңылык деңгээли;

5) күтүлгөн натыйжага жетишүү боюнча пландаштырылган иш-чаралардын, иштердин негиздүүлүгү (инновациялуулук - буга чейин ушундай чечимдерде пайдаланылбаган ыкмаларды, методдорду жана инструменттерди пайдалануу);

6) каржылоонун мөөнөтүнүн жана өлчөмүнүн негиздүүлүгү;

7) илимий изилдөөлөрдүн жетекчисинин жана аткаруучуларынын сапаттуу потенциалы.

22. Илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын жана айрым окумуштуулардын илимий жана инновациялык долбоорлоруна грант берүүдө региондорду өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорго артыкчылык берилет.

23. Ар бир критерий онбаллдык көлөм менен бааланат. Эң жогорку сумма 70 баллды түзөт.

24. Илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларды жана долбоорлорду тандоонун чектик баллы боюнча чечимди ИТК кабыл алат.

## 5. Жыйынтыктоо жоболор

25. ИТКнын чечимдери ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен жөнгө салынат.

26. Республикалык бюджеттен тандалып алынган жана каржылануга тийиш болгон мамлекеттик илимий жана илимий-техникалык программалардын жана долбоорлорунун темалары боюнча тармактык орган/заказчы, башкы уюм (аткаруучу) менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосунда илимий изилдөө жүргүзүүгө үч тараптуу келишим түзүлөт.

27. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган илимий изилдөөнүн заказчысы катары чыккан учурда эки тараптуу келишим түзүлөт.

28. Илимий жана илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, чыгармачыл илимий жамааттардын, айрым окумуштуулардын жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосунда грант бөлүп берүүгө эки тараптуу келишим түзүлөт.

29. Келишимдердин формалары ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

30. Келишимде каржылоонун шарттары жана тартиби, тараптардын өз ара милдеттенмелери жана укуктары, тараптардын илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын пайдалануу шарттары, ишке ашыруу мөөнөттөрү ж.б. каралат.

31. Техникалык тапшырма, ишти аткаруунун календардык план-графиги, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө бааны макулдашуу протоколу, чыгымдардын сметасы, илимий жетекчи жөнүндө маалымат келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

32. Башкы уюм (аткаруучу), илимий жана илимий-техникалык уюмдар, жогорку окуу жайлар, чыгармачыл илимий жамааттар, айрым окумуштуулар келишимдик милдеттенмелерин сактабаган учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишти мөөнөтүнөн мурда токтотуу (токтото туруу) жана каржылоо жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

33. Жумуштарды аткаруу келишимдерине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү келишимге кошумча макулдашуулардын негизинде ишке ашырылат.